**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 11 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечимин кабыл алды**

Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 27-апрелинде эсептик чен өлчөмүн 11 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтыруу чечимин кабыл алды.

Экономикалык жагдайга жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр, бир жагынан керектөө баа индексинин өсүш арымынын басаңдашы орун алып, экинчи жагынан өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө мурдагыдай эле, тышкы факторлор түрткү берип жаткандыгын тастыктоодо.

Соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдөгү экономикалык жагдай тышкы соода жана акча которуу багыттары аркылуу өлкөнүн экономикалык өсүш арымынын басаңдашына таасир этүүсүн улантууда.

Апрель айынын орто ченине карата абал боюнча инфляция 2014-жылдын акырындагы 10,5 пайыздан 7,8 пайызга чейин кыскарган. Өтүп жаткан жылдын январь-март айларындагы экономикалык өсүштүн жогорку көрсөткүчкө жетишүүсү (7,0 пайыз) эң башкысы, “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн күч алышы менен шартталган. Ички дүң өнүмдүн айкын өсүш арымы “Кумтөр” ишканаларын эске албаганда 3,4 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын январь-март айларында – 4,4 пайыз).

Сырттан жана ичтен суроо-талаптын басаңдап жатышы тобокелдигин, ошондой эле инфляциялык процесстердин динамикасын эске алуу менен Улуттук банк мындан ары да өлкө экономикасындагы жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарынын алкагында акча-кредит саясатынын тиешелүү чараларын колдонот. Акча-кредит саясаты туруктуу экономикалык өсүшкө өбөлгө түзүүгө жана инфляцияны саясаттын орто мөөнөттүк мезгил аралыгына каралган негизги багыттарында аныкталган 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп турууга багытталат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 25-майына пландаштырылган.